# Кечир мени

Санаага салып менин түшүмө кирдиң
Садагам күнүм болуп күлмүңдөп тийгиң
Кайдасың айтчы деги ашыгым азыр
Кадырың кечир эми кечигип билдим
Эстесем эзилемин от болуп күйөм
Эх жаным кечирилгис беле менин күнөөм
Мейли күн арадан ай жылдар өтсө да
Мен сени махабатым баары бир сүйөм

Кайырма:

Эркем ай дечелем сени
Эркелеп эми , кайрылып келчи
Кечирип мени
Сүйүүмө күбө менин асман да булут
Сезимим сага деген булактай тунук
Сагындым куса болуп асылым сени
Суранам кечир мени баарын сен унут

Кызыксыз күндөр өтүп өзүңсүз барат
Кымбатым күн өткөрөм жолуңду карап
Жыргалым кайрылып кел өтүнөм сенден
Жүрөгүм жүрөгүңдү күтүүдө самап

Сүйүүбүздү сактап калчы
Кечир деги, кечир мени
Кечиримди сурайм дагы
Кечир мени кечир эми
Сени эле күтүп келем ,сени эле сүйүп келем
Кечир мени жаным , кечир мени